**Тегенем**
Таланттарын таптап чыккан канчасын,
Сагындым мен таттуу, кызыл алчасын.
Долонолор гүлүн төгөн май айы,
Элестетип Бейиш төрдүн бакчасын.
**Кайырма:**
Каранындан кагылайын Тегенем,
Кооздугун аябаптыр жер энем.
Түшкө кирип түйшөлтөсүн дайыма,
Куса болуп алыстардан мен келем.

Төшкү-Башат булагындай шылдырап,
Бүгүн сага арноо жаздым ыр курап.
Баратамын сени көздөй туулган жер,
Чер токойуң тосуп алар шыбырап.
**Кайырма:**
Каранындан кагылайын Тегенем,
Кооздугун аябаптыр жер энем.
Түшкө кирип түйшөлтөсүн дайыма,
Куса болуп алыстардан мен келем.

Берекелүү  чалкып жаткан кучагын,
Кымбат мага ар бир чырпык бутагың.
Кең жайылып ырыскысы ташыган,
Кылымдарга бар болгунуң кутманым.
**Кайырма:**
Каранындан кагылайын Тегенем,
Кооздугун аябаптыр жер энем.
Түшкө кирип түйшөлтөсүн дайыма,
Куса болуп алыстардан мен келем.